8. Сайпидин Ысак уулу.(2025) Кыргызча макал-лакаптардын кытайча котормосу(Эл арасынан жыйнаган ички материял), Кытай.
9. Сайпидин Ысак уулу.(2025) Кытай памириндеги кыргыздар (Эл арасынан жыйнаган ички материал), Кытай.
10. Султаналы Борбордой.(2005) Кыргыздардын календари, Үрүмчү: Шынжаң Эл басмасы;
11. Сяо Ю., Ван Л., Су Р. (2023). Памир тоолорунда туруктуу сезондук мал багуу үчүн салттуу экологиялык билимге негизделген календардык система. Journal of cleaner production, 388, 137756.
12. Ысаков Б. (2018). Кыргыз көчмөндөрүнүн салттуу календарди кабыл алуусу. Gazi akademik bakış, 11(22), 181-195.

УДК 821.512.154-31:130.2 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.541**

КАССАНДРА ТАМГАСЫНДАГЫ РУХАНИЙ КООПСУЗДУК ЖАНА АДАМЗАТТЫН КЕЛЕЧЕГИ

Байтокова А.С.
ORCID:0009-0001-0514-6477
п.и.к. Ж.Баласагын ат.Кыргыз улуттук университети
, Ainura.baytokova@gmail.com

СОХРАНЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКОЙ СУЩНОСТИ И БУДУЩЕЕ ЧЕЛОВЕЧЕСТВА В РОМАНЕ Ч. АЙТМАТОВА "ТАВРО КАССАНДРЫ”

Байтокова А.С.
ORCID:0009-0001-0514-6477
к.п.н. Кыргызский национальный университетим.Ж.Баласагына
Ainura.baytokova@gmail.com

SPIRITUAL SECURITY AND THE FUTURE OF MANKIND IN CHINGIZ AITMATOV'S NOVEL "THE BRAND OF CASSANDRA”

Baitokova A.S.
ORCID:0009-0001-0514-6477
Candidate of Pedagogical Sciences,
Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn.
Ainura.baytokova@gmail.com

Аннотация

Макалада Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы Филофей (Крыльцов) жана Оливер Ордоктун образдарына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт. Негизги басым илимдин этикалык жоопкерчилигине жана технократтык коомдун коркунучуна жасалган. Илимпоздун атак-даңкка умтулуусу менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын ортосундагы карама-каршылык Филофейдин өкүнүчү аркылуу ачып берилет. Ошону менен бирге, Оливер Ордоктун образы аркылуу сезимсиз прагматизмдин кооптуулугу каралат. Айрыкча, заманбап санариптик трансформация доорунда билим берүүдө антропологиялык мамилени ишке ашыруунун зарылдыгына өзгөчө басым жасалды. Автор гуманисттик принциптерди жана этикалык нормаларды этибарга албоо жогорку технологиялык дүйнөдө инсандын деградациясына жана моралдык багыттардын жоголушуна алып келерин негиздейт. Жыйынтыгында, педагогикалык изилдөөлөрдөгү математикалык тактык менен адамдык рухий дүйнөнүн гармониясы адамзаттын келечегин сактап калуунун жалгыз жолу экендиги далилденген».

Ачкыч сөздөр: *санариптик трансформация, заманбап, гуманисттик, деградация, гармония, антропология*

Аннотация

В статье проводится сравнительный анализ образов Филофея (Крыльцова) и Оливера Ордока в романе Ч. Айтматова «Тавро Кассандры». Основное внимание уделяется этической ответственности науки и угрозам технократического общества. Через раскаяние Филофея раскрывается конфликт между жаждой научной славы и общечеловеческими ценностями. Параллельно рассматривается образ Оливера Ордока как воплощение опасного бездушного прагматизма. Особый акцент сделан на необходимости реализации антропологического подхода в образовании в условиях современной цифровой трансформации. Автор утверждает, что игнорирование гуманистических принципов и этических норм ведет к деградации личности и утрате моральных ориентиров в высокотехнологичном мире. В заключении обосновывается, что гармония между математической точностью педагогических исследований и духовным миром человека является единственным путем сохранения будущего человечества в эпоху глобальных технологических перемен».

Основные слово*: цифровая трансформация, современный, гуманистический, деградация, гармония, антропология*

Abstract

The article provides a comparative analysis of the characters Philotheus (Krylsov) and Oliver Ordok in Chingiz Aitmatov’s novel The Brand of Cassandra. Primary focus is placed on the ethical responsibility of science and the threats of a technocratic society. Through the remorse of Philotheus, the conflict between the thirst for scientific fame and universal human values is revealed. Parallel to this, the character of Oliver Ordok is examined as the embodiment of a dangerous and soulless pragmatism. Special emphasis is placed on the necessity of implementing an anthropological approach to education in the context of modern digital transformation. The author asserts that ignoring humanistic principles and ethical norms leads to the degradation of personality and the loss of moral landmarks in a high-tech world. In conclusion, it is substantiated that the harmony between the mathematical precision of pedagogical research and the spiritual world of the human being is the only way to preserve the future of humanity in an era of global technological change

Key words: *digital transformation, modern, humanistic, degradation, harmony, anthropology*

Киришүү

Азыркы доордо жасалма интеллекттин (AI), гендик инженериянын жана санариптик технологиялардын болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен өнүгүшү адамзаттын алдына жаңы өзөктүү суроолорду койду. Илимдин чексиз мүмкүнчүлүктөрү менен моралдык-этикалык чектердин ортосундагы ажырым бүгүнкү күндүн эң курч маселесине айланды. Бул контекстте залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романында мындан ондогон жылдар мурун айтылган эскертүүлөрү бүгүн актуалдуу болуп отурат. Жазуучу илимдин «адамсыз» өнүгүшү, башкача айтканда, гуманизация процессинен ажыраган технократтык коомдун келечеги канчалык кооптуу экенин Филофей (Крыльцов) жана Оливер Ордоктун образдары аркылуу чеберчилик менен ачып берген.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасында жана илимий изилдөөлөрдө антропологиялык мамилени сактап калуу — негизги приоритет болууга тийиш. Макалада талдоого алынган Филофейдин образы — илимпоздун атак-даңкка, бийик ачылыштарга, техникалык жетишкендикке умтулуусу менен анын моралдык жоопкерчилигинин ортосундагы трагедиялуу кагылышуунун символу. Анын «жасалма адам» жасоо идеясынан баш тартып, терең өкүнүчкө барышы — илимдин адамзаттык баалуулуктарсыз маңызын жоготорун далилдейт жана адамзаттык баалуулуктардан ажырап калуусу канчалык кооптуу экенин айгинелейт. Ал эми Оливер Ордоктун образы аркылуу автор илимди пайда

табуунун жана башкаруунун куралына айланткан сезимсиз технократиялык аң-сезимдин коркунучун көрсөтөт. Бул көрүнүш илимди кургак прагматизмге жана пайда табуунун куралына айланткан, сезимден ажыраган технократиялык аң-сезимдин чагылышы катары каралат.

Демек негизги максат — заманбап билим берүүдө математикалык моделдер менен санариптик эсептөөлөр гана эмес, инсандын ички дүйнөсүн, анын моралдык коопсуздугун сактоо адамзаттын келечегин сактап калуунун жалгыз жолу экендигин негиздөө болуп саналат.

Бул макалада аталган эки кейипкердин иш-аракеттерине жана көз караштарына салыштырмалуу талдоо жүргүзүү менен бирге, илимдеги математикалык тактыктын маанилүүлүгү жана анын адамдык рухий дүйнө менен гармонияда болушунун зарылдыгы каралат. Айрыкча, педагогикалык изилдөөлөрдө жана келечек муунду тарбиялоодо технологиялык өнүгүүнү гуманитардык баалуулуктар менен айкалыштыруу — адамзаттын келечегин сактап калуунун жалгыз жолу экендиги макаланын негизги өзөгүн түзөт

Чыңгыз Айтматовдун "Кассандра тамгасы" романы — бул адамзаттын тагдырына багытталган эң зор философиялык эскертүү десек болот. Автор бул чыгармасы аркылуу коомчулуктун көңүлүн бир гана экологиялык же саясий кризистерге эмес, эң биринчи кезекте **руханий коопсуздукка** бурду. Руханий коопсуздук — бул улуттун, мамлекеттин жана жалпы адамзаттын ички маңызын, адеп-ахлактык баалуулуктарын жана келечек муунга болгон жоопкерчилигин сактап калуу жөндөмдүүлүгү. Улуу ойчул бул романды жазуу менен адамзаттын техникалык жактан өнүгүүсү анын ички дүйнөсүнөн озуп кеткенде, дүйнө кандай туңгуюкка кептелерин жогорку чеберчилик менен сүрөттөгөн.

Романдын негизги түйүнү – Филофейдин (Андрей Крыльцовдун) ачылышы. Ал аялдын ичиндеги түйүлдүктүн космостук нурлануу болгон реакциясын изилдеп жатып, айрым эмбриондордун чекесине "тамга" (так) түшөрүн аныктайт. Бул "Кассандра тамгасы" — келечектеги инсандын бул жашоого келгиси келбегендигинин белгиси. Түйүлдүктөр эмне үчүн жарыкка келгиси келбейт? Анткени алар мээримдин жоктугун сезишет. Демек, адамзаттын келечеги — мээримдүүлүктү калыбына келтирүүдө. Жашоо чөйрөсүн гана эмес, ой-ниетти, рухту таза кармоо — келечектин кепилдиги.

Качандыр бир кезде илим менен техниканын жетишкендигине таянып адамды лабораториялык жол менен жасоого бел байлаган, чыгармадагы илимпоз, кийин космос кечили атанган Андрей Крыльцов, адеп-ахлактын чегин көрсөткөн Руна Лопатина менен жолугушуудан кийин өзүнүн өткөн өмүрүнө саресеп салууга мажбур болот. Ал бул өмүрдө таш боордук, илимде атак-даңк көксөөчүлүктөн башка дагы жалпы адамдарга тиешелүү жалпы адамзаттык баалуулуктардын бар экендигин унутуп койгондугуна өкүнүү менен төмөнкүчө оюн билдирет. “Адеп-ахлактын чегинен алыс чыккан, адам баласы үчүн коркунучтуу ишке алды-артымды карабай киришип кеткендигимди мен анда ойлогон эмесмин” - деп, Андрей Крыльцовдун өкүнүп, катасын түшүнөт [2, 104-б].

Ал өзүнүн изилдөөлөрү аркылуу Кудайдын ишине кийлигишип, адамды лабораторияда жасоого болоруна ишенген. Бирок Руна Лопатина менен жолуккандан кийин, ал төмөнкүдөй маанилүү чындыкты ачат: илимпоз канчалык билимдүү болбосун, ал адамдын жан дүйнөсүн, анын ички сезимдерин жана табиятын жасалма жол менен жарата албайт. Крыльцов атак-даңктын артынан кууп жатып, эң жөнөкөй адамдык баалуулуктарды — боор ооруну, сүйүүнү жана моралдык жоопкерчиликти унутуп койгондой, техниканын өнүгүшү адамды бактылуу кылышы керек, бирок ал адамдын табигый болмушуна каршы иштесе, анда ал илимдин пайдасынан зыяны көп. Крыльцов өз катасын түшүнүп, "Космос кечили" катары ааламдан адамдарга кайрылып жатат.

Руна Лопатина менен болгон окуя — бул Крыльцов үчүн моралдык күзгү болду. Ал бул дүйнөдө эсептөөгө же өлчөөгө мүмкүн болбогон боор ооруу, аяныч, энелик мээрим жана таза абийир сыяктуу баалуулуктар бар экенин кайрадан ички сезимдеринде ачты. Анын космоско кетип, ал жактан адамзатка "Кассандра тамгасы" (түйүлдүктөрдүн бул дүйнөгө келүүдөн баш тартканы) тууралуу кабарлашы — бул анын өз күнөөсүн жуугусу

келген аракети. Бул жерде автор илимпоздун жеке трагедиясы аркылуу жалпы адамзатты өз келечегине жоопкерчиликтүү болууга чакырат. Демек, техниканын өнүгүүсү канчалык өнүкпөсүн, адамдын жан дүйнөсү бардык нерседен өйдө турат экендигин эскертет. Бул ой бүгүнкү күндөгү жасалма интеллект жана генетика өнүккөн заманда ар бир адам үчүн чоң сабак десек болот.

Ч. Айтматов: “Тилекке каршы соңку жылдарда кандайча болду, айрым бирөөлөр ыймандык ноктосун үзүп таптакыр эле абийирин жоготуп коюшту. Ал эми адамдын нарк-насили качан гана ал абийири менен жашап, анын жорук жосунуна кимдир бирөө эмес, өз ыйманы, жан-теңи менен бүткөн ички адилет соту жол көрсөтүп турганда гана көрүнөт эмеспи”, – дейт [1, 210-б].

Түйүлдүк али жарыкка келе элек жатып, дүйнөдөгү адилетсиздикти, зордук-зомбулукту жана мээримсиздикти сезип жатат. Бул – адамзаттын келечегинин моралдык жактан талкалануусунун символу. Эгерде адам бул дүйнөгө келүүдөн баш тартса, демек, жашоо өзүнүн ыйык маанисин жоготкон. Айтматов "руханий коопсуздук" бул жерде — адамдын жашоону сүйүүгө болгон укугун коргоо экенин баса белгилейт.

Роберт Борк — чыгармадагы борбордук каармандардын бири. Ал дүйнөгө таанымал америкалык футуролог. Анын образы аркылуу Айтматов төмөнкүдөй маанилүү маселелерди көтөрөт: Келечекти көрө билүү жоопкерчилиги, прагматизм жана гуманизм ж.б. Борк — адамзаттын келечегине кооптонуу менен караган, дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүрткөн интеллектуал. Ал Филофейдин (Крыльцовдун) космостон жиберген катын биринчи болуп кабыл алып, аны коомчулукка жарыялайт. Борк Филофейдин ачылышын (Кассандра тамгасын) жөн гана илимий жаңылык катары эмес, адамзаттын келечеги үчүн эң чоң моралдык жана стратегиялык коркунуч катары баалайт. Ал келечекти болжолдоп жатып, "Х-эмбриондордун" (тамгасы бар түйүлдүктөрдүн) көбөйүшү коомдун бүтүндүгүнө жана коопсуздугуна кандай зыян алып келерин түшүнөт.

Прагматизм — бул натыйжага умтулуу. Бирок Ч. Айтматов эскерткендей, эгерде натыйжага жетүү үчүн адамдык сапаттар, мээрим жана этика курмандыкка чалынса, анда ал "пайда" адамзаттын келечегине шек келтирет. Романдагы футуролог Роберт Борк менен Филофейдин диалогдору — бул бүгүнкү күндөгү илим менен этиканын ортосундагы күрөш. Биз генетикалык инженерия, жасалма интеллект жана био-технологиялар доорунда жашап жатабыз. "Кассандра тамгасында" манкуртчулук маселеси жаңы деңгээлде каралат. Эгер "Кылым карытар бир күндө" адамдын эс-тутумун тартып алышса, бул жерде адамдын жашоого болгон умтулуусун тартып алышат. Романдагы коомдук пикирдин Филофейге каршы манипуляцияланышы — бүгүнкү күндөгү "фейк" маалыматтар жана маалыматтык чабуулдун алгачкы үлгүсү. Коом чындыкты уккусу келбейт, анткени чындык жоопкерчиликти талап кылат. Андрей Крыльцовдун космос станциясында жалгыз калышы — бул руханий жалгыздыктагы адамдын трагедиясы. Бүгүнкү коомдо да руханий коопсуздукту ойлогон инсандар көбүнчө "маргинал" же "түшүнүксүз" адамдар катары четте калууда. Улуу жазуучу Ч.Айтматов чыгарманын аягында Филофейдин өлүмү аркылуу оптимисттик эмес, өтө олуттуу эскертүү калтырат.

Корутунду

"Кассандра тамгасы" романындагы руханий коопсуздук маселеси — бул ар бир адамдын өз абийири менен бетме-бет келиши. Адамзаттын келечеги технологиянын кубаттуулугунда эмес, адамдын ички дүйнөсүнүн бийиктигинде. Автор бизге Кассандрадай болуп алдын ала айтып жатат: эгер биз бүгүн рухий баалуулуктарыбызды сактабасак, эртеңки муундун бул дүйнөгө келүүгө дилгирлиги жоголот. Биздин милдет — бул "тамганын" чыгышына жол бербөө, башкача айтканда, дүйнөнү төрөлө элек наристелер коркпой келе турган коопсуз, мээримдүү жана адилеттүү жайга айландыруу. Айтматовдун коңгуроосу бүгүн ар бир жүрөктө кагылышы керек. Улуу ойчул Ч. Айтматов өзүнүн бул чыгармасында өлкөдө болуп жаткан шайлоолор, шайлоонун шайтан оюндарын чагылдыруу менен Американын президенттигине талапкер Оливер Ордоктун образы аркылуу дегеле адамдарга кара өзгөйлүк сапат кайдан келген, бийлик, байлык, мансап үчүн керек болсо,

кечөө эле телефондон экөөнүн ортосунда гана кала турган сөздөрдү жай аңгемелешкен адамыңды курмандыкка чалууга даяр болуп калышкан адамдардын абийирсиз кадамы жөнүндө түйшөлүп ойго батат. Ал үчүн адам — бул коомдун керектөөсүнө жараша жасала турган "продукт". Оливер идеалдуу коомду түзүүнү эмес, башкарууга оңой болгон, каршылык көрсөтпөгөн "икс-түйүлдүктөрдү" көбөйтүүнү көздөгөн. Чыгармада эгерде Филофей (Крыльцов) өз катасын түшүнүп, тобо келтирүү жолуна түшсө, Оливер Ордок аягына чейин өзүнүн "технократтык" позициясында калат. Анын образында сезимге, аянычка же ишенимге орун жок. Ал бардык нерсени математикалык эсептөө жана пайда катары көрөт, башкача айтканда руханий боштук көрүнүп турат. Оливер Ордок — бүгүнкү күндөгү адамдын геномун өзгөртүү, жасалма интеллектти көзөмөлсүз өнүктүрүү жана адамды "сандардын жыйындысы" катары көргөн заманбап технократтардын алгачкы образы. Ошентип, технологияны жамынган мындай аракеттер адамдын индивидуалдуулугун жана эркиндигин жок кылууну көздөгөн системанын жүзү катары эсептөөгө болот. Адамзаттын келечеги биздин бүгүнкү тандообузга байланыштуу. Биз Оливер Ордоктун муздак эсеби менен жашайбызбы же Филофейдин кеч болсо да ойгонгон абийири мененби? Изилдөөлөрдөгү математикалык тактык жана эсептөөлөр адамдын билимин баалоого жардам бергени менен , адамдын тагдырын жана бактысын бир гана цифралар менен өлчөө мүмкүн эмес. Келечек — бул жогорку технологиялар менен бирге, биринчи кезекте жогорку адамдык сапаттардын сакталышында десек жаңылышпайбыз.

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов, Ч. Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст] / Ч. Т. Айтматов.– Фрунзе: Кыргызстан,1988. – 400б.
2. Байтокова, А.С. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу [Текст] / А.С. Байтокова. –Бишкек: Кыргызстан, 2020. – 104-б.
3. Айтматов, Ч. Т. Чыгармаларынан 8 томдук жыйнагы [Текст]: романдар / Ч.Т. Айтматов; түз. А.Акматалиев. – 2-бас. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 6-т. – 572 б.
4. Айтматов, Ч. Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст] / Ч. Т. Айтматов.– Фрунзе: Кыргызстан,1988. – 400б.
5. “Айтматов окуулары - 2015”: эл аралык илимий-практ. конф.материалдары [Электронный ресурс]. – Режим доступа:www.kao.kg. – Загл. с экрана.
6. Айтпай кызы, А. Болочоктогу физика мугалиминин баалуулуктар системасын өркүндөтүүнүн методикасы[Текст]: педагогика илим. канд. ... дис. автореф.: 13.00. 02 / Айтпай кызы А. – Бишкек, 2016. – 20 б.

УДК 821.512.154.09

КОНЦЕПЦИЯ «ОТВЕТСТВЕННОГО ЧЕЛОВЕКА» Ч. АЙТМАТОВА КАК ФУНДАМЕНТ ДУХОВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В ЭПОХУ ГЛОБАЛЬНЫХ ТРАНСФОРМАЦИЙ

Жусупбаева Миргуль Маматпазыловна
преподаватель Кыргызско-Российского
факультета ОшГПУ
ORCID: 0009-0002-4717-2822
mirazhusupbaeva@gmail.com

CHINGIZ AITMATOV’S CONCEPT OF THE «RESPONSIBLE PERSON» AS THE FOUNDATION OF SPIRITUAL SECURITY IN THE ERA OF GLOBAL TRANSFORMATIONS

Mirgul Mamatpazylovna Zhusupbaeva